**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

# Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама

## 2009-жылдын III чейреги

**2009-жылдын октябрь айы**

**Бишкек**

*Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Редакциялык кеңеш:

| | |
|---|---|
| Төрага: | Абдыбалы тегин С. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Цыплакова Л.Н. |
| | Урустемов С.А. |
| | Исакова Г.А. |
| | Айдарова А.К. |
| Жооптуу катчы: | Имаралиева Н.Н. |


Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 052 телефону,
(996 312) 610 730 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта: nimaralieva@nbkr.kg

Басылманын таркатылышына байланыштуу суроолор боюнча:
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча,
(996 312) 669 009 телефону,
(996 312) 610 730 факсы аркылуу кайрылсаңыздар болот
Электрондук почта: pr@nbkr.kg
http://www.nbkr.kg

Басылма республикадагы жана анын региондорундагы керектөө бааларынын динамикасынын чагылдырылышын жана инфляциянын негизги факторлорун иликтөөлөрдү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясат жагындагы чечимдери жөнүндө маалыматты камтыйт жана анда келерки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

Басылманын маалыматтарын жаңыртуунун акыркы күнү: 2009-жылдын 26-октябры.

Уюштуруучу: Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.

Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөрүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө 2001-жылдын 2-ноябрындагы 628-номериндеги күбөлүккө ээ.

"МЧМ Дифайн плюс" ЖЧКсынын басма борборунда 250 нускада басууга даярдалып, басылып чыгарылды.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2009-жыл.

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз кайрадан басылып чыгарылууга жана кайсыл формада жана кандай каражаттар аркылуу болбосун таркатылууга тийиш эмес. Басылманы көчүрүп басууда жана которууда "Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама" басылмасына милдеттүү түрдө таянуу зарыл.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету***
Аталган басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын өткөн жыл ичинде бүткөргөн иши жөнүндө отчету болуп саналат. Ал республиканын экономикалык өнүгүүсү, Улуттук банктын акча-кредит саясаты жөнүндө кыскача маалыматтарды, финансылык отчетун, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде басылып чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени***
Ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

***Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми***
Басылма Кыргыз Республикасынын тышкы секторунун өнүгүшүндөгү тенденцияларды жана төлөм теңдеми, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз, эл аралык инвестициялык позиция боюнча маалыматтарды камтыйт. Чейрек сайын - январь, май, июль жана октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

***Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары***
Кыргыз Республикасынын банк тутумунун өнүгүшүнө финансылык ортомчу катары иликтөөлөрдү жүргүзүү, турукташууга жетишүүдө жана аны колдоп турууда орун алган тоскоолдуктарды, ошондой эле бүтүндөй банк тутумунун туруктaшуусунун курамдык элементтерине баа берүү, аталган басылманын максаты болуп саналат. Басылма жарым жылда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары***
Басылма коммерциялык банктарга жана коомчулукка Улуттук банктын иши жөнүндө маалыматтарды берип туруу жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын пропагандалоо максатында, Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоого багытталган. Айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде чыгарылат.

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи***
Улуттук банктын пресс-релизи жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн Улуттук банкка жана банк тутумуна тиешелүү окуялар түрмөгүн жана финансы рыногунда бир жума ичинде болуп өткөн орчундуу жана башка маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

МАЗМУНУ


1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ............................... 5

1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда түптөлгөн суроо- талап жана сунуш ... 5
1.1.1. Суроо-талап ........................................................................................................ 5
1.1.2. Сунуш ................................................................................................................. 9
1.2. Акча-кредит чөйрөсүндө түптөлгөн тенденциялар ........................................... 11
1.3. Тышкы экономикалык шарттар ........................................................................ 16
1.4. Валюта курсу ...................................................................................................... 19

2-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮЧҮЛӨР ................................................ 21

2.1. Керектөө бааларынын индексинин түзүүчүлөр жана региондор боюнча динамикасына талдап иликтөөлөр ........................................................................ 21
2.1.1. Азык-түлүк товарлары ....................................................................................... 22
2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарлар ........................................................................ 24
2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөр ........................................................................................... 25
2.1.4. Региондордогу керектөө бааларынын динамикасы ........................................ 25
2.2. Базалык инфляция .............................................................................................. 26

3-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРИ ................................................. 28

3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери .......................................... 28
3.2. Акча кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери ...................... 30

4-ГЛАВА. ИНФЛЯЦИЯ КӨРСӨТКҮЧҮН БОЛЖОЛДООЛОР .................................... 31

4.1. Инфляцияга таасир этүүчү негизги факторлордун динамикасына болжолдоолор ........ 31
4.2. 2009-жылга жана 2009-жылдын IV чейрегине инфляцияны болжолдоо .......................... 34

СТАТИСТИКАЛЫК ТИРКЕМЕ ........................................................................................ 36

ГЛОССАРИЙ .................................................................................................................. 42

КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ТИЗМЕСИ ................................................................ 45

# 1-глава. Кыргыз Республикасынын экономикалык абалы

## 1.1. Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунда түптөлгөн суроо- талап жана сунуш

### 1.1.1. Суроо-талап

2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча ИДП-нын көлөмү 137 223,6 млн сомду түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда реалдуу алганда 2,9 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын январь-сентябрь айларында реалдуу өсүш 5,9 пайызды түзгөн). ИДПнын түзүмүндө чыгашалардын түрү боюнча өзгөрүүлөр 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгында[1] экономикалык өсүш арымынын басаңдагандыгын айгинелеген, бул биринчи кезекте, үй чарбаларынын түпкү керектөөгө 8,0 пайызга олутуу кыскаруусу менен шартталган (2008-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча үй чарбаларынын түпкү керектөөлөргө чыгашалары 19,1 пайызды түзгөн).

**1.1.1-таблица. Чыгашалардын түрү боюнча ИДП**
*(күндөлүк баада, млн. сом)*

| | 2008 | | | | 2009 | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | I | II |
| **ИДП** | **28 143,9** | **37 192,7** | **62 299,4** | **55 623,4** | **32 217,6** | **43 881,1** |
| Түпкү керектөө | 40 333,4 | 48 482,3 | 62 416,9 | 55 248,6 | 42 616,2 | 46 027,6 |
| Жеке керектөө | 37 791,9 | 45 046,1 | 58 937,7 | 50 812,1 | 39 646,9 | 42 035,7 |
| Үй чарбалары | 34 143,1 | 39 690,1 | 53 755,3 | 44 201,6 | 35 344,5 | 36 121,9 |
| ҮЧТКЭУ | 747,9 | 849,3 | 1 078,2 | 1 350,8 | 880,2 | 1 146,9 |
| Мамлекеттик мекемелердики | 2 900,9 | 4 506,7 | 4 104,2 | 5 259,7 | 3 422,2 | 4 766,9 |
| Жамааттык керектөө | 2 541,5 | 3 436,2 | 3 479,2 | 4 436,5 | 2 969,3 | 3 991,9 |
| Дүң топтоо | 4 078,5 | 9 684,2 | 15 630,9 | 16 647,4 | 4 270,2 | 7 486,0 |
| Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн таза экспорту | -17 224,9 | -19 929,5 | -17 045,3 | -15 957,0 | -13 108,8 | -9 632,5 |
| Экспорт | 15 214,1 | 23 621,1 | 28 047,1 | 34 672,1 | 18 652,2 | 27 227,8 |
| Импорт | -32 439,0 | -43 550,6 | -45 092,4 | -50 719,1 | -31 761,0 | -36 860,3 |
| Статистикалык айырма | 956,9 | -1 044,3 | 1 296,9 | -315,6 | -1 560,0 | -2 049,7 |

*Булагы: УСК*


2009-жылдын январь-август айларында реалдуу эмгек акынын өсүш арымынын бир аз басаңдашы катталган. Алсак, кароого алынып жаткан мезгил ичинде эмгек акынын реалдуу өсүшү 7,0 пайызды түзгөн болсо, 2008-жылдын ушул эле мезгилинде реалдуу өсүш 7,2 пайыз чегинде катталган эле. Ушуну менен катар эле, Баткен областында реалдуу эмгек акынын өлчөмү 3,9 пайызга, ал эми Чүй областында 0,4 пайызга төмөндөгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

Калктын кирешелерин дифференциациялоо мурдагыдай эле жогору бойдон калууда. Акчалай кирешелердин жалпы көлөмүн калктын 20 пай-

[1] Бул жерде жана мындан ары текст боюнча: кыйла өткөн мезигилге шилтемелер 2009-жылдын III чейреги үчүн маалыматтардын жоктугу менен шартталган.

ыздык топтору боюнча бөлүштүрүү кирешелери жогору болгон топтордун пайдасында түптөлгөн. Алсак, 2008-жылдын январь-декабрь айларынын жыйынтыгы боюнча жашоо деңгээли алда канча жогору болгон топтордун кирешелеринин үлүшү, 2007-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 4,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен калктын кирешелеринин жалпы көлөмүнүн 42,3 пайызын түзгөн. Ал эми калктын азыраак камсыз болгон катмарынын 20 пайызынын кирешелеринин үлүшү 1,6 пайыздык пунктка өсүү менен 6,8 пайызды түзгөн.

**1.1.1-сүрөт. Калктын акчалай кирешелеринин квинтиль топтору боюнча түзүмү**
*(жыл башынан тартып, пайыздар)*




2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча жеке адамдардын которуу системалары боюнча акча каражаттарынын агымынын кыскаруусу байкалган. Өтүп жаткан жылдын ушул мезгили ичинде таза агылып кирүүнүн жалпы көлөмү, 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 193,1 млн. АКШ долларына же 23,3 пайызга төмөндөгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматы боюнча 2009-жылдын январь-сентябрь айларында мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 1 207,8 млн. сомду же ИДПга карата 0,9 пайызды түзгөн. Мында, чет мамлекеттерден мамлекеттик бюджетке түшкөн гранттарды эске албаганда, 8 262,4 млн. сом же ИДПга карата 6,0 пайыз чегиндеги тартыштыгы менен аткарылган.

Алсак, мамлекеттик бюджеттин операциялык иштерге жалпы чыгашалары 2009-жылдын январь-сентябрь айларында 34 325,2 млн. сомду түзүү менен 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 34,6 пайызга же 8 825,8 млн. сомго көбөйгөн. Бюджеттик чыгашалардын өсүшү, атап айтканда, «кызматкерлердин эмгегине төлөөлөр» категориясы боюнча чыгашалардын 24,5 пайызга көбөйүүсү менен шартталган, бул берилген

**1.1.2-таблица. Жеке адамдардын которуу системасы боюнча которуулары***
*(млн. АКШ доллары)*

| | 2007 | 2008 | янв-сен.'08 | янв-сен.'09** |
|---|---|---|---|---|
| **Таза агылып кирүүлөр** | **625,5** | **1 138,2** | **828,3** | **635,2** |
| **Агылып кирүүлөр** | **688,2** | **1 205,5** | **876,4** | **685,2** |
| КМШ | 648,8 | 1 141,4 | 828,7 | 628,9 |
| Казакстан | 7,0 | 27,9 | 18,4 | 23,1 |
| Россия | 641,8 | 1 113,5 | 810,2 | 605,7 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,1 | 0,1 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 39,4 | 64,1 | 47,7 | 56,3 |
| Белгия | 0,1 | 0,5 | 0,3 | 0,4 |
| Улуу Британия | 0,9 | 1,8 | 1,4 | 1,0 |
| Германия | 0,1 | 0,2 | 0,1 | 0,5 |
| АКШ | 38,3 | 61,4 | 45,7 | 54,1 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,2 | 0,2 | 0,2 |
| **Агылып чыгуулар** | **62,7** | **67,3** | **48,1** | **50,0** |
| КМШ | 60,2 | 65,0 | 46,2 | 48,9 |
| Казакстан | 0,2 | 2,5 | 2,3 | 0,2 |
| Россия | 60,0 | 62,5 | 44,0 | 48,8 |
| Башка өлкөлөр | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Алыскы чет өлкөлөр | 2,5 | 2,3 | 1,8 | 1,1 |
| Белгия | 0,1 | 0,1 | 0,1 | 0,1 |
| Германия | 0,2 | 0,4 | 0,4 | 0,1 |
| АКШ | 2,1 | 1,7 | 1,3 | 0,8 |
| Башка өлкөлөр | 0,1 | 0,1 | 0,0 | 0,0 |

** Anelik, Blizko, Contact, Migom, MoneyGram, Western Union, Unistream, Золотая Корона, Лидер, Сибконтакт, Быстрая почта, Аллюр жана акча которуу системасынын башка түрлөрү, "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасы аркылуу которуулар; Улуттук банктын кошумча баа берүүлөрүн эске алуусуз.*
*** алдын ала маалыматтар.*

баа боюнча бюджеттик чыгашалардын 9,4 пайыздык пунктка жалпы өсүшүнө салымын кошкон.

Бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, бардык топтор боюнча, өзгөчө – экономикалык маселелерге (4 эсеге), саламаттыкты сактоого (36,9 пайызга) жана билим берүүгө (21,6 пайызга) чыгашалардын өсүшү байкалган.


Мындан тышкары, бюджеттин финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларын түшүндүргөн капиталдык чыгашаларынын өсүшү байкалган. Мына ушул операциялар боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 6 319,6 млн. сомду же ИДПга карата 4,6 пайызды түзгөн (2008-жылдын январь–сентябрь айларында – 4 958,8 млн. сом же ИДПга карата 3,8 пайыз).

Өлкөдө ишкердик жигердүүлүктүн жалпы басаңдоосу, импорттун көлөмүнүн кыскаруусу, салык мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн киргизилиши алкагында бюджеттик кирешелердин өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу жүргөн. Мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешелери жана алынган расмий трансферттер 39 436,9 млн. сомду (ИДПга карата 28,7 пайызды) түзүү менен өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда, 21,8 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын январь-сентябрь айларындагы өсүш 2007-

жылдын январь-сентябрь айларындагыга салыштырганда 35,3 пайызды түзгөн).

Бюджеттин тартыштыгын салыштырмалуу төмөн деңгээлде токтотуп туруу буга чейин белгиленип кеткендей эле, чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден, атап айтканда, Россия Федерациясынан 7 054,6 млн. сом өлчөмүндө расмий трансферттердин түшүүсү менен шартталган, алар бюджеттик кирешелердин берилген баа боюнча 20,1 пайыздык пунктка жалпы өсүшүнө салымды камсыз кылышкан, ошол эле учурда салыктык жана салыктык эмес түшүүлөр 1,7 пайыздык пунктка өскөн.

**1.1.2- сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(жыл башынан тартып)*




2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча негизги капиталга инвестициялардын көлөмү, 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 27,0 пайызды түзгөн. Өсүш негизинен ички каржылоо булактарынын көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен камсыз кылынган. Алсак, республикалык бюджеттен инвестициялар 2,5 эсеге, калайык-калктын каражаттарынын эсебинен 1,3 эсеге, ишканалар менен уюмдардын өздүк каражаттарынын эсебинен 24,7 пайызга өскөн. Ошондой болсо да, банктардын реалдуу секторго кредиттеринин эсебинен инвестициялардын көлөмү олуттуу кыскарган. Мында, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредиттеринин өскөндүгү катталган.

2009-жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча банк сектору тарабынан берилген кредиттердин көлөмү 2008-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 20,3 пайызга азаюу менен 15,1 млрд. сомду түзгөн. Мында, айыл чарбасына жана байланыш багытына берилген кредиттерди эске албаганда, дээрлик бардык тармактар боюнча кредиттөөнүн кыскаруусу катталган. Алсак, кредиттердин жалпы агымында эң чоң үлүштү түзгөн соода операцияларын кредиттөө (2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча 55,1 пайыз) 8,1 пайызга кыскарган. Коммерциялык банктар тарабынан керектөө максаттарына берилген кредиттердин көлөмү да 24,5 пайызга азайган, ал эми кредиттердин жалпы агымындагы


**1.1.3-таблица. Каржылоо булактары боюнча негизги капиталга инвестициялар**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата пайыздарда | |
|---|---|---|---|---|
| | янв-сент. 2008 | янв-сент. 2009 | янв-сент. 2008 | янв-сент. 2009 |
| **Бардыгы болуп** | **17 947,1** | **23 975,7** | **100,0** | **100,0** |
| **Ички инвестициялар** | **11 902,1** | **17 995,9** | **66,3** | **75,1** |
| Республикалык бюджет (өзгөчө кырдаалдарга каралган каражаттарды кошо алганда) | 1 764,7 | 4 523,6 | 9,8 | 18,9 |
| Жергиликтүү бюджет | 298,5 | 337,0 | 1,7 | 1,4 |
| Ишканалардын, уюмдардын каражаттары | 4 541,9 | 6 022,8 | 25,3 | 25,1 |
| Банктын кредити | 136,8 | 24,7 | 0,8 | 0,1 |
| Калайык калктын каражаттары | 5 159,7 | 7 087,6 | 28,7 | 29,6 |
| Кайрымдуулук жардамы | 0,5 | 0,2 | 0,0 | 0,0 |
| **Тышкы инвестициялар** | **6 045,0** | **5 979,8** | **33,7** | **24,9** |
| Чет өлкө кредити | 2 832,0 | 3 742,4 | 15,8 | 15,6 |
| Тике чет өлкө инвестициялары | 2 666,5 | 1 628,0 | 14,9 | 6,8 |
| Чет өлкө гранттары жана гуманитардык жардам | 546,5 | 609,4 | 3,0 | 2,5 |

*Булагы: УСК*

алардын үлүшү 10,2 пайызды түзгөн. Ипотекалык кредиттөө 2008-жылдын январь-сентябрь айларына салыштырганда 70 пайыздан көбүрөөккө кыскарган, натыйжада кредиттердин жалпы агымындагы алардын үлүшү 5,7 пайыздан 2,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Ушуну менен катар эле, айыл чарбасына берилген кредиттердин көлөмүнүн өсүшү 5,0 пайызды түзүү менен 2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча кредиттердин жалпы агымындагы алардын үлүшү 11,6 пайыз чегинде катталган.

**1.1.3-сүрөт. Берилген кредиттердин тармактык түзүмү**




## 1.1.2. Сунуш

2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча айыл чарбасы, соода, курулуш, транспорт жана байланыш ИДПнын өсүшүнө негизги салым кошкон. Ошондой болсо да, өтүп жаткан жылдын баш жа-

гынан тартып экономикада эң башкысы, негизги өнктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөн (Казакстан, Россия, Кытай) дүйнөлүк финансылык жана экономикалык кризис шартында суроо-талаптын төмөндөшү кесепетинен, өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмү азайган.

**1.1.4-таблица. ИДПнын өсүшүнө/ төмөндөшүнө иштин айрым түрлөрүнүн салымы**
*(пайыздар)*

| | 2008-жылдын январь-сентябры | | 2009-жылдын январь-сентябры | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздарда* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздарда* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Ички дүң продукт** | **5,9** | **5,9** | **2,9** | **2,9** |
| Дүң кошулма нарк | 5,9 | 5,1 | 2,9 | 2,5 |
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токой чарбасы | 1,5 | 0,4 | 5,0 | 1,4 |
| Тоо кендерин казып алуу өнөр жайы | -3,1 | 0,0 | 3,2 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 13,9 | 1,3 | -12,7 | -1,3 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | -3,0 | -0,1 | -8,2 | -0,2 |
| Курулуш | -21,2 | -0,7 | 30,3 | 0,8 |
| Соода, ремонт | 7,4 | 1,2 | 4,3 | 0,8 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 9,9 | 0,1 | 5,4 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 29,9 | 2,3 | 6,7 | 0,6 |
| Финансылык ишкердик | 15,8 | 0,1 | 8,2 | 0,1 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара | 7,8 | 0,2 | 1,8 | 0,0 |
| Мамлекеттик башкаруу | 1,7 | 0,1 | 4,6 | 0,2 |
| Билим берүү | 1,3 | 0,1 | 1,0 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо | -0,4 | 0,0 | -0,3 | 0,0 |
| Коммуналдык жана жеке кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо | 3,5 | 0,1 | -0,4 | 0,0 |
| Азык-түлүктөн таза салыктар | 5,9 | 0,8 | 2,9 | 0,4 |

Өтүп жаткан жылдын тогуз айынын жыйынтыгы боюнча, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн чогуу алгандагы сунушунун негизги көлөмү айыл чарба азык-түлүгү (ИДПнын жалпы көлөмүнүн 25,8 пайызы), соода (18,5 пайыз), транспорт жана байланыш (9,7 пайыз) тармактары менен камсыз кылынган.

Айыл чарбасынан, мергенчилик жана токой чарбаларынан продукцияларды алуу 2009-жылдын январь-сентябрь айларында, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 5,0 пайызга көбөйүү менен 35 440,6 млн. сомду түзгөн. Өтүп жаткан жылдын сентябрь айынын акырына карата түшүм жыйналуучу аймактардын 83,8 пайызынан дан эгиндери жыйналып алынган; ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегисине караганда 18,0 пайызга көбүрөөк дан эгини бастырылган (баштапкы кабыл алынган салмагында). 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата республика боюнча дан эгиндеринин орточо түшүмдүүлүгү гектарынан 30,5 центнерди түзгөн (баштапкы кабыл алынган салмагында), ал эми өткөн жылдын ушул эле учурунда гектарынан 23,8 центнер түшүм жыйналып алынган.

Соода операцияларынын көлөмү 2008-жылдын ушул эле мезгилинде-

ги 6,8 пайызга караганда 4,0 пайызга өскөн. Соода жүргүзүүнүн түзүмүндө чекене сооданын өсүш арымы 2008-жылдын январь-сентябрь айларындагы 7,6 пайызга караганда, 4.6 пайызга чейин басаңдаган, бул калайык-калктын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшү менен шартталган. Ушуну менен катар эле, кароого алынып жаткан мезгил ичинде соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөн суроо-талаптын төмөндөшү чегинде, дүңүнөн соода жүргүзүүнүн өсүш арымынын 2008-жылдын январь-сентябрь айларындагы көрсөткүчкө салыштырганда, төмөндөгөндүгү белгиленген.

**1.1.5-таблица. Соода операцияларынын динамикасы жана түзүмү**

| | 2008-жылдын январь-сентябры | | 2009-жылдын январь-сентябры | |
|---|---|---|---|---|
| | өсүш арымы, *пайыздарда* | өсүшкө салым, *п.п.* | өсүш арымы, *пайыздарда* | өсүшкө салым, *п.п.* |
| **Соода** | **6,8** | **100,0** | **4,0** | **100,0** |
| Авто жана мото техникалык тетиктерин сатуу | 16,8 | 3,2 | 1,2 | 3,4 |
| Техникалык жактан тейлөө жана автоунааларды ремонтоо | 27,5 | 0,6 | 6,1 | 0,6 |
| Мотор отундарын чекене сатуу | 6,5 | 7,8 | 32,3 | 6,9 |
| Дүң сатуу | 4,7 | 35,9 | -2,9 | 34,3 |
| Чекене сатуу | 7,3 | 52,3 | 4,6 | 54,5 |
| Турмуш тиричилик буюмдарын ремонттоо | 21,2 | 0,2 | 4,3 | 0,3 |

## 1.2. Акча-кредит чөйрөсүндө түптөлгөн тенденциялар

### Акча базасы

2009-жылдын 1-октябрына карата акча базасы 36 510,6 млн. сомду түзгөн жана жылдын үчүнчү чейрегинде номиналдык түрдө алганда 7,0 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде көбөйүү 7,4 пайызды түзгөн).

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде операциялар боюнча акча базасынын өзгөрүүсүнө (2 376,6 млн. сом) Улуттук банктын операциялары таасирин тийгизген жана ал акча базасын 1 195,7 млн. сомго көбөйткөн, ал эми Өкмөттүн операциялары акча базасын 1 180,8 млн. сомго көбөйткөн (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде акча базасынын көбөйүүсү 2 408,6 млн. сомду түзгөн мында, Улуттук банктын операциялары акча базасын 3 648,5 млн. сомго көбөйткөн болсо, Өкмөттүн операциялары акча базасын 1 239,9 млн. сомго кыскарткан).

Жүгүртүүдөгү акча 2009-жылдын 1-октябрына карата 31 107,5 млн. сомду түзгөн жана үчүнчү чейрек ичинде 5,2 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде көбөйүү 7,7 пайызды түзгөн).

Акча базасынын түзүмүндө 2009-жылдын баш жагындагыга салыштырганда жүгүртүүдөгү нак акчалардын үлүшүнүн 87,6 пайыздан 85,2 пайызга чейин кыскаруусу жүргөн. Демек, коммерциялык банктардын Улут-

тук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 12,4 пайыздан 14,8 пайызга чейин көбөйгөн.

**М2 акча топтому**

М2 акча массасы 2009-жылдын 1-октябрына карата 38 004,8 млн. сомду түзгөн жана өтүп жаткан жылдын үчүнчү чейреги ичинде 4,6 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде көбөйүү 6,4 пайызды түзгөн). М2 акча топтомунун көлөмүнүн өсүшү банктардан тышкаркы акчалардын 5,6 пайызга жана улуттук валютадагы депозиттердин 1,4 пайызга көбөйүүсү менен шартталган. Мында, башка депозиттердин (мөөнөттүү) көлөмү 8,8 пайызды түзгөн болсо, которулган депозиттердин (талап боюнча төлөнүүчү) көлөмүнүн азаюусу 1,8 пайыз чегинде катталган.

**М2Х акча топтому**

Өзүндө чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х акча массасынын көлөмү 2009-жылдын 1-октябрына карата 49 543,9 млн. сомду түзүү менен жылдын үчүнчү чейреги ичинде 6,3 пайызга көбөйгөн (2009-жылдын кароого алынып жаткан мезгил ичинде көбөйүү 5,9 пайызды түзгөн). М2Х акча массасынын өзгөрүүсү депозиттердин жалпы көлөмүнүн[1] 7,4 пайызга жана банктардан тышкаркы нак акчалардын 5,6 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен жүргөн (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде М2Х өзгөрүүсү банктардан тышкаркы нак акчалардын 8,0 пайызга жана депозиттердин жалпы көлөмүнүн 3,1 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен байкалган). Мында, чет өлкө валютасындагы депозиттердин көбөйүүсү 12,3 пайызды, ал эми улуттук валютада 1,4 пайызды түзгөн.

*2009-жылдын 1-январынан тартып коммерциялык банктар эсептердин өз алдынча планына өтүшкөн. Мында депозиттердин, мурда коммерциялык эмес уюмдардын депозиттери катары чагылдырылып келинген бөлүгү Социалдык фонддун депозиттери катары чагылдырыла баштаган, ал эми Социалдык фонддун депозиттери, алардын негизинде М2Х акча массасы эсептелинген депозиттик базанын курамына кирбейт.*

М2Х акча массасынын түзүмү 2009-жылдын сентябрь айынын акырында жыл башындагыга салыштырганда, төмөнкүдөй өзгөрүүгө дуушар болгон:


- банктардан тышкаркы нак акчалардын үлүшү 60,6 пайыздан 59,4 пайызга чейин азайган;
- улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,2 пайыздан 17,3 пайызга чейин азайган;
- чет өлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 21,1 пайыздан 23,3 пайызга чейин көбөйгөн.

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын малыматтары боюнча депозиттердин жалпы көлөмүндө жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттери, ошондой эле башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттери камтылган. Мында, Өкмөттүн депозиттери жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

Финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн М2Х акча мультипликатору жыл башындагыга салыштырганда азаюу менен 2009-жылдын 1-октябрына карата 1,357 түзгөн (2009-жылдын 1-январына карата – 1,378).


М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын жүгүртүү тездиги 2009-жылдын 1-октябрына карата 4,4 түзгөн (2009-жылдын 1-январына карата – 4,1). М2Х акча топтому боюнча эсептелинген экономиканы монетизациялоо коэфициенти 22,9 пайызды түзгөн (2009-жылдын 1-январына карата – 24,5).

**1.2.1- сүрөт. Акча топтомдорунун жылдык номиналдык өсүш арымы**





2009-жылдын үчүнчү чейрегинде финансы рыногундагы жагдай банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлинин жогору болушу жана инфляция арымынын төмөндөөсүнүн уланышы шартында калыптанган, бул рыноктун бардык сегменттеринде пайыздык чендердин динамикасына алгылыктуу таасирин тийгизген. Алсак, кароого алынып жаткан мезгил ичинде акча рыногунун бардык сегменттеринде пайыздык чендердин төмөндөгөндүгү катталган.

**1.2.2- сүрөт. Акча рыногунун чендеринин динамикасы**



Улуттук банк 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде жарфяланган эмиссия көлөмүн өткөн чейректеги деңгээлинде сактап калу менен өзүнүн ноталарын банк тутумунан үстөк ликвиддүүлүктү алуу үчүн пайдаланууну уланткан. Коммерциялык банктарда үстөк камдардын жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында инвесторлордун ноталарга суроо-талабы жетиштүү жогорку деңгээлде калган, бул ноталар рыногунун бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөшүнөн көрүнгөн. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарын жайгашытруу боюнча аукциондор отчеттук мезгил ичинде өткөрүлгөн эмес. 2009-жылдын үчүнчү чейреги ичинде 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү орточо алганда, экинчи чейректегиге салыштырганда 2,3 пайыздык пунктка, 3,8 пайызга чейин, 14 күндүк ноталардыкы 4,2 пайыздык пунктка, 4,9 пайызга чейин, ал эми 28 күндүк ноталар сегментинде 4,8 пайыздык пунктка, 5,1 пайызга чейин төмөндөгөн. 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда, 14 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү – 6,4 пайыздык пунктка, ал эми 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү 8,2 пайыздык пунктка азайган.

**1.2.3- сүрөт. Улуттук банктын ноталарынын кирешелүүлүгүнүн динамикасы**





Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүгүнүн акыркы 4 аукцондо калыптанган орточо алынган мааниси катары аныкталган эсептик чен, чейректин башындагыга салыштырганда 4,9 пайыздык пунктка төмөндөө менен сентябрь айынын акырына карата 3,3 пайызды түзгөн. Ал эми «овернайт» кредиттери боюнча чен ушул мезгилдин акырына карата 3,9 пайыз чегинде катталган. Үчүнчү чейректе Улуттук банк коммерциялык банктарга «овернайт» кредиттерин берген эмес.

Финансы министрлиги кароого алынып жаткан мезгил ичинде мурдагыдай эле, жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 ай болгон МКВларды жуманы өткөрүү менен ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВларды жума сайын кезеги менен жайгаштыруу аркылуу, өз векселдерин сунуштоо көлөмүн бир азга (1,6 пайызга) көбөйткөн. Мында, бардык аукциондордо мамлекеттик казына векселдерине суроо-талап сунуш деңгээлинен артып

турган. Өткөн чейректегиге салыштырганда суроо-талап 23,1 пайызга өскөн. Натыйжада, отчеттук чейрек ичинде МКВ рыногунун бардык сегменттеринде кирешелүүлүктүн төмөндөгөндүгү катталган. Бүтүндөй чейрек ичинде МКВ боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк өткөн чейректеги ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда 9,0 пайыздык пунктка төмөндөө менен 8,8 пайызды түзгөн. Анын ичинде жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ сегментинде кирешелүүлүк 9,1 пайыздык пунктка, 6,4 пайызга чейин, Жүгүртүү мөөнөтү 6 болгон МКВ боюнча 9,3 пайыздык пунктка, 8,1 пайызга чейин, ал эми жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ сегментинде 10,1 пайыздык пунктка, 9,5 пайызга чейин азайган. 2008-жылдын ушул эле чейрегиндеги МКВ кирешелүүлүгүнүн жалпы деңгээлине салыштырганда бул көрсөткүч 9,2 пайыздык пунктка төмөндөп, кирешелүүлүктүн азаюусу рыноктун бардык сегменттеринде байкалган.

**1.2.4-сүрөт. МБКнын кирешелүүлүк динамикасы**




Банктар аралык кредит рыногунда инфляциянын төмөнкү деңгээлде болушу чегинде, пайыздык чендердин төмөндөө тенденциясы уланган. Мындан тышкары, коммерциялык банктарда ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында, кароого алынып жаткан чейректе улуттук валютадагы карыздык ресурстарды керектөө талабы кыскарган, бул мына ушул сегментте чендердин андан-ары төмөндөөсүнө таасирин тийгизген. Ошону менен бирге эле, банктар аралык чет өлкө валютасындагы кредиттер сегментинде коммерциялык банктардын иш жигердүүлүгү байкаларлык жогорулаган – келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын тиешелүү чейрегиндеги ошол эле көрсөткүчкө салыштырганда 2,3 эсеге көбөйгөн. Ушул сегменттеги колдонулуп жаткан чкендердин төмөндөөсүнө келишилген бүтүмдөрдүн мөөнөттөрүнүн кыскаруусу сыяктуу эле, финансы рыногундагы чендердин төмөндөшүнүн жалпы тенденциясы таасир эткен. Бүтүндөй алганда, кароого алынып жаткан чейрек ичинде репо операциялары сегментиндеги пайыздык чендер экинчи чейректеги чендерге салыштырганда 4,5 пайыздык пунктка төмөндөө менен 5,5 пайызды түзгөн. Банктар аралык улуттук валютадагы кредиттер боюнча пайыздык чендер 3,4 пайыздык пунктка, 5,2 пайызга чейин азайган. 2008-жылдын үчүнчү

чейрегиндеги репо операциялары боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендерге салыштырганда бул чен, 3,8 пайыздык пунктка, ал эми улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча 1,9 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Ички банктар аралык кредит рыногундагы чет өлкө валютасындагы операциялар сегментиндеги орточо алынган пайыздык чен 5,2 пайыздык пунктка төмөндөө менен 5.2 пайызды түзгөн.

Отчеттук чейрек ичинде Улуттук банк репо шарттарында МКВ(ж) сатуу боюнча аукциондорду, ошондой эле коммерциялык банктар менен своп операцияларын жүргүзгөн эмес. Коммерциялык банктар Улуттук банктагы мөөнөттүү депозит эсебине каражаттарды жайгаштырган эмес.


## 1.3. Тышкы экономикалык шарттар

### Соода балансы

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча Кыргыз Республикасынын соода балансы 2009-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча 305,3 млн. АКШ долларын түзүү менен 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндегиге салыштырганда 29,6 пайызга азайган.

2009-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча тышкы соода жүгүртүүнүн көлөмү[1] өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги көрсөткүчкө салыштырганда 26,7 пайызга кыскаруу менен 1 158,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Түптөлгөн бул тенденцияны экспорттук сыяктуу эле, импорттук операциялардын көлөмүнүн кыскаруусу менен түшүндүрүүгө болот. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү отчеттук мезгил ичинде 24,8 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөр менен 29,4 пайызга кыскарган.

**1.3.1- сүрөт. Тышкы соода**




[1] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен.

Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде товарлардын экспорту (ФОБ баасында)[1] 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндеги 573,2 млн. АКШ долларына караганда 426,4 млн. АКШ доллары көлөмүндө катталган. КМШ өлкөлөрүнө экспорттук берүүлөр 31,1 пайызга, ал эми чет өлкөлөргө берүүлөр 17,1 пайызга төмөндөгөн. Алтындын экспорту 17,8 пайызга өсүү менен нарктык көрсөткүчүндө 122,4 млн. АКШ долларын түзгөн, ошол эле учурда, ушул баалуу металлды берүүлөрдүн физикалык көлөмү 8,1 пайызга өскөн. Алтынды эске албагандагы экспорт 35,2 пайызга кыскаруу менен нарктык көлөмүндө 304,0 млн. АКШ долларын түзгөн.

Экспорттун функционалдык түзүмүндө[2] 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде экспорттун эң чоң үлүшү аралык товарларга – 40,4 пайызга тура келген, бул нарктык көлөмүндө141,5 млн. АКШ долларын түзгөн. Ушул категория боюнча берүүлөрдүн 15,1 пайызга кыскаруусу байкалган. Бул категорияда салыштырма салмагы 86,5 пайызды түзгөн эң ири товардык статьядан болуп алтын саналган, анын көлөмү үчүнчү чейректе 2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги көлөмгө салыштырганда 17,8 пайызга же 18,5 млн. АКШ долларына өскөн. Отчеттук чейрек ичинде портландцементти берүүлөр дээрлик толугу менен кыскарган. Тапталган айнек экаспорту анын 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндеги экспортуна салыштырганда 91,7 пайызга төмөндөгөн. Кара жана түстүү металл сыныктарын жана калдыктарын берүүлөрдүн нарктык көлөмү 54,4 пайызга төмөндөгөн.

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде энергопродукцияларынын экспорту 49,7 пайызга төмөндөө менен 83,0 млн. АКШ долларын түзгөн. үчүнчү өлкөлөргө мунайзаттарын реэкспорттоонун 65,0 пайызга же 91,0 млн. АКШ долларына кыскаруусун бул жагдайдын түшүндүрмөсү катары кароого болот. Ошондой болсо да, мындай төмөндөө көлөмү 33,8 млн. АКШ долларын түзгөн электр энергиясынын экспортунун өсүшү менен жарым-жартылай компенсацияланган, бул 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндеги көрсөткүчтөн 45,1 пайызга жогору, мында электрэнергиясынын экспортунун физикалык көлөмү 16,1 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

Керектөө товарларын тышкы рынокторго берүүлөр 27,0 пайызга кыскаруу менен 65,9 млн. АКШ доллары көлөмүндө калыптанган. Бул функционалдык категорияда азык-түлүк товарларынын жана азык-түлүктөн башка товарлардын салыштырма салмагы болжол менен алганда тең бөлүштүрүлгөн. Жемиштердин жана жаңгактардын экспорту 38,7 пайызга же 9,0 млн. АКШ долларына кыскарган. Ал эми жашылча экспорту 28,5 пайызга же 1,8 млн. АКШ долларына төмөндөгөн, мында ушул продукцияларды берүүлөрдүн физикалык көлөмү 8,3 пайызга кыскарган. Сүт жана сүт азыктары 34,0 пайызга же 1,9 млн. АКШ долларына аз экспорттолгон. Ал эми бул азыктарды берүүлөрдүн физикалык көлөмү болгону 9,7 пайызга кыскарган. Азык-түлүктөрдөн башка товарлар түзүмүндө кийим-кече жана ага

[1] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуу менен.

[2] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске албастан.

тиешелүү буюмдардын экспорту кыскарган (23,9 пайызга же 5,7 млн. АКШ долларына), электр лампаларын тышкы рыноктордо сатуу көлөмү бир аз өсүшкө ээ болгон (5,1 пайызга же 0,3 млн. АКШ долларына).

Иликтөөгө алынып жаткан мезгил ичинде чийки заттардын экспорту 40,2 пайызга кыскарган. Ушул категорияга кирген товарлардын түзүмүндө химиялык заттарды берүүлөр (23,0 пайызга же 11,5 млн. АКШ долларына), иштетилбеген булгаарыларды (81,0 пайыз же 2,4 млн.АКШ доллары), пахта буласын берүүлөр (84,1 пайыз же 2,4 млн. АКШ долларына) кыскарган.

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде Бирикен Араб Эмитарттары (экспорттун жалпы көлөмүндө 25,8 пайыз), Казакстан (16,6 пайыз), Россия (15,2), Өбекистан (14,2 пайыз), Швейцария (10,3 пайыз) экспорттук операциялар боюнча Кыргыз Республикасынын негизги өнөктөштөрүнөн болгон.

Алдын-ала алынган маалыматтар боюнча товарлардын ФОБ баасындагы импорту[1] 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде 731,6 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2008-жылдын ушул эле чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 27,3 пайызга кыскарган. КМШ өлкөлөрүнөн импорт 21,1 пайызга, ал эми алыскы чет өлкөлөрдөн – 36,0 пайызга кыскарган.

Кароого алынып жаткан чейректин жыйынтыгы боюнча импорттун функционалдык түзүмүндө[2] эң ири категориядан болуп энергопродукциялары саналган, алар бүтүндөй импорттун 31,6 пайызын камсыз кылган. Энергопродукцияларынын импорту 250,0 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге караганда 32,5 пайызга аз. Отундун ушул түрлөрүнүн контракттык бааларынын түшүп кетүүсүнүн натыйжасында авиакеросиндин, автомобиль бензининин жана дизель отунунун импортунун төмөндөөсү катталган. Жаратылыш газынын импортунун физикалык көлөмү 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде, өткөн жылдын тиешелүү чейрегинин көрсөткүчүнө салыштырганда 70,6 пайызга же 93,4 млн. куб. метрге төмөндөгөн. Отундун ушул түрүнүн импорттук баасы 1,7 эсеге көбөйгөн. Бүтүндөй алганда, жаратылыш газынын импортунун нарктык көлөмү 2008-жылдын үчүнчү чейрегиндеги 19,2 млн. АКШ долларынан, кароого алынып жаткан мезгилдеги 9,8 млн. АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Ошондой эле чийки мунай затынын импорту да 97,8 пайызга кыскарган. Баанын өсүшүнүн эсебинен көмүрдүн импортунун нарктык көлөмү көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде керектөө товарларынын импорту 32,0 пайызга кыскаруу менен 215,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Мындай тенденция азык-түлүктөн башка товарлардын импортунун 45,7 пайызга же 102,6 млн. АКШ долларына азайышынын таасири астында түптөлгөн, ошол эле учурда азык-түлүк товарларынын түшүүсү 1,1 пайызга өскөн, бул абсолюттук маанисинде алганда 1,1 млн. АКШ долларын түзөт. Азык-түлүктөн башка товарлардын курамында жеңил автомобилдердин, бут кийимдердин, кий-

[1] Кошумча баалоолорду эске алуу менен СИФ баасындагы импорт 792,4 млн. АКШ долларын, соода балансынын тартыштыгы – 366,0 млн. АКШ долларын түзгөн.
[2] КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

им-кечелердин импорту төмөндөгөн. Азык-түлүк товарларынын импортун негизинен кант (41,7 пайызга же 5,2 млн. АКШ долларына көбөйгөн), эт жана эт азыктары (5,4 пайызга же 0,6 млн. АКШ долларына көбөйгөн), шоколад азыктары (27,1 пайызга же 2,9 млн.АКШ долларына төмөндөгөн), ун (78,3 пайызга или 10,7 млн. АКШ долларына төмөндөгөн), өсүмдүк майы (29,7 пайыга же 1,9 млн. АКШ долларына көбөйгөн) сыяктуу товарлар түзгөн.

Аралык товарлары 2009-жылдын үчүнчү чейрегинде 2008-жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда 19,3 пайызга аз импорттолгон. Ушул категорияга кирген товарлардын түзүмүндө чоюн жана болот жана алардан жасалган буюмдар (19,7 пайызга же 6,0 млн. АКШ долларына), кездемелер (55,0 пайызга же 11,8 млн. АКШ долларына), жер семирткичтер (80,8 пайызга же 10,2 млн. АКШ долларына), автомобиль тетиктери (36,1 пайызга же 3,7 млн. АКШ долларына), резина дөңгөлөктөрү (29,4 пайызга же 3,5 млн. АКШ долларына) сыяктуу товарлардын импорттук түшүүлөрү төмөндөгөн.

Инвестициялык товарларга талап 28,8 пайызга төмөндөгөн. Телефон аппараттарынын, жүк ташуучу автомобилдердин жана атайын багыттарда колдонулуучу автомобилдердин, ар кандай жабдуулардын кол менен иштетилүүчү жана машиналык жабдуулардын импорттук түшүүлөрү кыскарган.

Чийки заттар категориясы боюнча үчүнчү чейректе берүүлөрдүн 20,5 пайызга өсүшү катталган, мында импорттун нарктык көлөмү 43,0 млн. АКШ доллары деңгээлинде калыптанган. Ушул категориянын товардык түзүмүндө буудайдын импортунун 44,7 пайызга же 4,1 млн. АКШ долларына өскөндүгү белгиленген. Буга берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшү фактору түрткү берген. Мындан тышкары органикалык эмес химиялык заттардын импортунун эки эселенген өсүшү орун алган.

Отчеттук мезгил ичинде Россия (импорттун жалпы көлөмүнүн 42,8 пайызы), Кытай (16,3 пайызы), Казакстан (10,3 пайызы), Өзбекстан (2,9 пайызы) импорттук продукцияларды эң ири берүүчүлөрдөн болгон.

## 1.4. Валюта курсу

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде АКШ долларынын валюталык курсу тышкы рыноктордогу негизги дүйнөлүк валюталарга карата басаңдоосун уланткан. Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын валюта рыногунда АКШ долларынын курсунун сентябрь айынын үчүнчү он күндүгүнө чейин чыңдалуусу сыяктуу карама-каршы тенденция байкалган, мындан кийин ал бир аз басаңдаган. Улуттук валютанын дүйнөлүк рыноктордогу АКШ долларынын курсуна салыштырганда озгон арымда мына ушундай алсызданышы, эмгек мигранттарынын акча которууларынын жана чет өлкө инвестицияларынын агымынын кыскаруусу, ошондой эле соода балансынын терс сальдосунун жогору деңгээлде сакталып турушунун натыйжа-


сында, валютага карата талаптын анын сунушунан артышанан улам келип чыккан.

Борбордук банк улуттук валютанын алмашуу курсунун кескин өзгөрүлүп туруусун теске салуу максатында, АКШ долларын сатуучу сыяктуу эле, сатып алуучу катары валюта тооруктарына катышкан. Үчүнчү чейрек ичинде Улуттук банктын АКШ долларын сатуу боюнча операцияларынын көлөмү экинчи чейректегиге салыштырганда 2,6 млн. АКШ долларына көбөйүү менен 19,0 млн. АКШ долларын түзгөн. АКШ долларын сатып алуу боюнча операциялардын көлөмү үч эседен көбүрөөккө өсүп, 38,5 млн. АКШ долларын түзгөн.

Валюта тооруктарында АКШ долларынын орточо алынган курсу чейрек ичинде 0,6 пайызга өсүү менен сентябрь айынын акырында 43,5597 сом/АКШ долларында катталган. Алмашуу бюролорунда долларды сатуу курсу 0,6 пайызга көбөйүү менен 43,4804 сом/АКШ долларын түзгөн.

Үчүнчү чейректин акырына карата АКШ долларынын эсептик курсу, жыл башынан бери 10,7 пайызга жогорулоо менен 43,6293 сом/АКШ долларын түзгөн.

**1.4.1-сүрөт. АКШ долларынын эсептик курсунун өзгөрүү арымы**




Евро курсунун динамикасы мурдагыдай эле, анын тышкы рыноктордогу динамикасына, ошондой эле ички рынокто сомдун АКШ долларына карата курсунун өзгөрүүсүнө жараша калыптанган. Алсак, евронун курсу отчеттук мезгил ичинде туруктуу өсүшкө ээ болуу менен чейрек ичинде 5,6 пайызга чыңдалып, 64,0151 сом/еврону түзгөн.

# 2-глава. Инфляция жана аны түзүүчүлөр


## 2.1. Керектөө бааларынын индексинин түзүүчүлөр жана региондор боюнча динамикасына талдап иликтөөлөр[1]

2009-жылдын үчүнчү чейрегинин жыйынтыгы боюнча республикада баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнүн басаңдашы уланган. Алсак, каралып жаткан мезгил ичинде керектөө бааларынын 2,2 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган (2008-жылдын үчүнчү чейрегинде өсүш 0,4 пайызды түзгөн). Баа динамикасын аныктаган негизги фактордон болуп, азык-түлүк товарларына керектөө баасынын индексинин төмөндөшү саналган, ошол эле учурда азык-түлүктөн башка товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы өскөн. Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын үчүнчү чейреги ичинде тамак-аш азыктарына керектөө баасынын индекси 94, 3 пайызды, алкоголдук ичимдиктер жана тамекилерге 100,8 пайызды, азык-түлүктөн башка товарларга 101,7 пайызды, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө 100,5 пайызды түзгөн.

Инфляциянын жылдык мааниси (2009-жылдын сентябрь айы 2008-жылдын сентябрына карата) 2,1 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде ал 25,9 пайыз чегинде катталган эле.

Азык-түлүк товарларынын жана энергопродукцияларынын дүйнөлүк рынокторунда жагдайдын, кийинчерээк баанын төмөндөө жагына коррекцияланышы менен туруктошуусу, баанын мына ушундай динамикасынын түптөлүшүнүн себебинен болгон, бул импорттолуп алынган продукцияларга баанын төмөндөшүнүн, ички жана тышкы суроо-талаптын басаңдашынын, ошондой эле Улуттук банк менен Өкмөттүн инфляцияга каршы көргөн чараларынын натыйжасынан болуп саналат.

**2.1.1-сүрөт. КБИнин жана аны түзүүчүлөрдүн жылдык динамикасы**





[1] КР УСКнын маалыматтары боюнча.

Керектөө чыгашаларында алардын жогорку үлүштө (50 пайыз) экендигинен улам, азык-түлүк товарларына баа динамикасы керектөө баасынын жалпы деңгээлин түптөөдө мурдагыдай эле аныктоочу фактордон болуп калууда. Азык-түлүк товарлары жана алкоголсуз суусундуктар жылдык мааниде алууда 5,4 пайызга арзандаган. Товарлардын калган тобу боюнча баанын өсүшү катталган. Азык-түлүктөн башка товарлардын (11,7 пайызга) жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн (9,5 пайызга) көбүрөөк кымбаттагандыгы белгиленген; алкоголдук ичимдиктерге жана тамекилерге баанын өсүшү 6,8 пайызды түзгөн.

### 2.1.1. Азык-түлүк товарлары

Азык-түлүк товарларына баа тышкы сыяктуу эле, ички факторлордун олуттуу таасирине дуушар болгон. Ошонтип, импорттук баанын басаңдоосуна түрткү берген дүйнөлүк рыноктордогу түптөлгөн тенденция ички баа жагдайына да таасирин тийгизген. Азык-түлүк товарлары 2009-жылдын сентябрь айында, өткөн жылдын тиешелүү айындагыга салыштырганда 5,4 пайызга төмөндөгөн (2008-жылдын иликтөөгө алынып жаткан мезгили ичинде баанын өсүшү 31,0 пайызды түзгөн). Нан азыктарынын жана талкандардын, майлардын жана тоң майлардын, ошондой эле жашылча-жемиштердин арзандашы, азык-түлүк товарларына баанын төмөндөшүнө өбөлгө түзгөн.


**2.1.2-сүрөт. Азык-түлүк товарларына баанын жылдык динамикасы**




Дан эгиндеринен мол түшүмдүн алынышы, ошондой эле республикада сыяктуу эле, соода боюнча негизги өнөктөш өлкөлөрдө олуттуу запастын болушу, азык-түлүк товарларына баанын жалпы динамикасына оңтойлуу таасирин тийгизген. Айыл чарба азык-түлүгүн өндүрүүчүлөрдүн баасы, кароого алынып жаткан мезгил ичинде 2008-жылдын ушул эле учурундагыга салыштырганда, дээрлик бардык товарлар боюнча төмөндөгөн.

Ошентип, өндүрүүчүлөрдүн дан эгинине карата жылдык мааниде алынган баасы 37,3 пайызга, жашылчаларга 14,2 пайызга, картошкага 11,1 пайызга төмөндөгөн. Бирок, эттин (7,4 пайызга) жана жумуртканын (5,9 пайызга) кымбатташы калыбында калууда.

**2.1.3-сүрөт. Айыл чарба азыктарынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индексинин жылдык динамикасы**




Кыргызстанда үстүбүздөгү жылы дан эгининин түшүмүн таза салмагында жыйноонун болжолдоолорго ылайык 1,0 млн. тоннага чейин көбүрөөк жыйналуусу, ун азыктарынын ички рыногуна алгылыктуу таасирин тийгизген. Нанга, нан азыктарына жана талканга жылдык мааниде алгандагы баанын индекси 16,1 пайызга төмөндөгөн (2008-жылдын тиешелүү мезгилинде 46,4 пайызга өсүш), анын ичинде нан 9,3 пайызга арзандаган. Биринчи жана жогорку сорттогу ун, тиешелүүлүгүнө жараша 34,7 жана 26,6 пайызга эң эле тез арымда арзандаган.

Үчүнчү чейректе жашылча-жемишке баа олуттуу төмөндөгөн (-24,5 пайызга), анын ичинде жер-жемиштер 22,2 пайызга, жашылчалар 27,0 пайызга арзандаган. Ошондой болсо да, жылдык мааниде жер-жемиштер 3,4 пайызга кымбаттаган, ал эми жашылчалар 13,3 пайызга арзандаган.

Кант запасынын азаюусу кант кызылчасын өстүрүп алуу көлөмүнүн төмөндүгү, ошондой эле дүйнөлүк биржаларда алардын наркынын өсүшү республикада канттын наркынын олуттуу жогорулоосунун себебинен болуп калган. Алсак, мына ушул продукцияга баанын өсүшү жыл башынан тартып 17,6 пайызды, ал эми жылдык мааниде 31,0 пайызды түзгөн.

Эт азыктарынын ички рыногунда акыркы 12 ай ичинде мал чарбасынан алынган продукциялардын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмүнүн өскөндүгү катталган, анын ичинде этке төгүлүүчү малдын жана канаттуулардын санынын өсүшү (тирүү салмагында) 101,4 пайызды түзгөн. Мындан тышкары, эт азыктарын жергиликтүү даярдоочулар керектөөнүн 90 пайызынан көбүрөөгүн канаттандырууну камсыз кылган, бул албетте, тышкы факторлордун терс таасири тобокелдигин басаңдаткан. Мына ушулардын

бардыгы келип, эт азыгына баанын өсүшүн токтотуучу факторлордон болгон (2008-жылдын ушул эле мезгилиндеги 13,4 пайызга салыштырганда, жылдык мааниде алганда +2,4 пайыз).


2008-жылы тоң майларга жана майларга баанын кескин кымбатташынан кийин, өтүп жаткан жылы алардын баасынын төмөндөөгө ык коюп жатышы улангандыгы катталган. 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча «майлар жана тоң майлар» рыногунда баанын олуттуу арзандашы жүргөн жана ал көбүнэсе, импорттолуп алынган продукциялардын наркынын төмөндөшүнүн натыйжасында келип чыккан. Алсак, 2008-жылдын сентябрь айынын акырына карата абал боюнча «майлар жана тоң майлар» тобу 18,9 пайызга арзандаган.

Өтүп жаткан жылдын үчүнчү чейрегинде сүт азыктары рыногунда баанын 1,5 пайызга төмөндөгөндүгү байкалган, ал эми товарлардын бул тобу өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 1,6 пайызга кымбаттаган болсо, жыл башынан бери сүт азыктары 8,6 пайызга арзандаган.

### 2.1.2. Азык-түлүктөн башка товарлар

Азык-түлүктөн башка товарларга баа индексинин өсүшү 2009-жылдын сентябрь айында бир аз басаңдаган болсо да, 2008-жылдын сентябрь айындагы көрсөткүчкө салыштырганда 11,7 пайызды түзүү менен жогору бойдон сакталып калган (2008-жылдын ушул эле мезгилинде ал 17,5 пайызды түзгөн). Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык өсүшү негизинен, үй тиричилигине керектелүүчү буюмдарга баанын (+14,8 пайызга), кийим-кечеге жана бут кийимге баанын (+11,7 пайызга) өсүшүнүн эсебинен калыптанган.

**2.1.4-сүрөт. Азык-түлүктөн башка товарларга баанын жылдык динамикасы**




Күйүүчү-майлоочу материалдарга (КММ) баалардын төмөнкү деңгээлде болушу мурдагыдай эле баанын жалпы деңгээлинин калыптанышына олуттуу таасирин тийгизүүдө. Ошондой болсо да, 2009-жылдын үчүнчү

чейрегинен тартып КММга, атап айтканда бензинге (+38,4 пайыз) баанын дүйнөлүк рыноктордо мунайдын кымбатташынан улам өсүшүнүн тездегени байкалган. Бул калыптанган тренддин уланышы тобокелдигин шартташы ыктымал. Ошентип, ички рынокто КММ наркынын жылдык төмөндөөсү (2009-жылдын сентябрь 2008-жылдын сентябрына карата) басаңдоо менен 17,4 пайызды түзгөн, анын ичинде бензин 11,9 пайызга, дизель отуну 38,0 пайызга арзандаган.


### 2.1.3. Кызмат көрсөтүүлөр

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баа индекси 2009-жылдын үчүнчү чейрегинин акырына карата жылдык өлчөп көрүүдө 9,5 пайызга өскөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилинде 33,5 пайызга).

Ушул топто индекстин өсүшү, эң башкысы ресторандардын жана мейманкалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн кымбатташынын эсебинен жүргөн (2008-жылдын тиешелүү мезгилине карата +21,6 пайыз). Коомдук тамактануу кызмат көрсөтүүлөрүнө баа деңгээли, азык-түлүк товарларынын наркынын төмөндөөсүнө карабастан[1] жогору бойдон сакталып калууда, бул эң оболу, өткөн жылдары баанын жалпы деңгээлинин жогорулоосунун таасири уланып жаткандыгын айгинелөөдө.

Турак-жай кызмат көрсөтүүлөрүнө баанын өсүшү байкалууда, ал акыркы 12 ай ичинде 10,3 пайызга көбөйгөн. Транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы жылдык мааниде дээрлик өзгөргөн эмес (+0,4 пайыз), ал эми билим берүү жагында кызмат көрсөтүүлөргө баанын өсүшү өз кезегинде 12,2 пайызды, саламаттыкты сактоо жагында кызмат көрсөтүүлөр 9,1 пайызды түзгөн, байланыш кызмат көрсөтүүлөрү 7,2 пайызга арзандаган.

**2.1.5-сүрөт. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баанын жылдык динамикасы**





[1] КР УСКнын маалыматтары боюнча 2008-жылы ресторандардын жана мейманканалардын сарптоолорунун жалпы түзүмүндө «чийки заттар жана материалдар, сатылып алынуучу жана комплекттеги буюмдар, полуфабрикаттар» категориясы боюнча сарптоолор 14,3 пайызды түзгөн.


### 2.1.4. Региондордогу керектөө бааларынын динамикасы

2009-жылдын сентябрь айына карата абал боюнча 2,3 пайыз чегиндеги дефляция катталган Ыссык-Көл областын эске алабаганда, республиканын бардык региондору боюнча инфляциянын алгылыктуу чекте болгондугу байкалган. Жылдык мааниде алганда баанын эң эле жогорулоосу Баткен, Жалал-Абад жана Ош областтарында катталган да, баанын өсүшү тиешелүүлүгүнө жараша 5,7 пайызды, 2,6 пайызды жана 3,3 пайызды түзгөн. Азык-түлүктөн башка товарлардын, ал эми айрым учурларда акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн кымбатташы, ушул областтарда баанын өсүшүнүн негизги факторунан болгон. Бул жерде Баткен областында алкоголь продукцияларынын жана тамекилердин кымбатташы улангандыгын белгилеп кетүү зарыл (+57,4 пайыз). Ордо калаабызда баанын 2,3 пайызга өскөндүгү белгиленген, мында тамак-аш азыктары 6,7 пайызга арзандап, ал эми алкоголь ичимдери, азык-түлүктөн башка товарлар жана акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр тиешелүүлүгүнө жараша 5,2 пайызга, 13,4 пайызга жана 12,9 пайызга кымбаттаган.

Нарын, Талас жана Чүй областтарында КБИнин тиешелүүлүгүнө жараша, 1,0 пайызга, 1,7 пайызга жана 0,1 пайызга өскөндүгү байкалган жана буга негизинен, азык-түлүк товарларынын арзандашынан улам жетишилген.

**2.1.6-сүрөт. КБИнин региондордогу жылдык динамикасы**








## 2.2. Базалык инфляция

Базалык инфляция баанын кыска мөөнөттүү, структуралык жана сезондук өзгөрүүлөрүн эске албаганда, инфляция тренди катары аныкталат. Башкача айтканда, инфляция көрсөткүчүн эсептөөдөн начар түшүмдүн алынышы, КММ рыногунда баа таасири, газга жана электр энергиясына ж.б. тарифтердин административдик өзгөртүлүшү сыяктуу сезондук же тышкы факторлор менен шартталган товарларга баанын өсүшү алынып салынат.

Төмөндө жөнөкөй алып салуу ыкмасында эсептелинген базалык инфляция динамикасы чагылдырылган. Бул ыкма КБИден, аларга белгиленген баа ар кандай таасирлерге өтө эле ийкемдүү болгон товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым категорияларын же бүтүндөй тобун алып салууну түшүндүрөт. Адатта, мындай товарларга айрым азык-түлүк товарлары, энергопродукциялары жана Өкмөт тарабынан административдик жол менен белгиленген тарифтер кирет.

**2.2.1-сүрөт. Базалык инфляциянын эсептик көрсөткүчүнүн жылдык динамикасы**




Базалык инфляция 1 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкандар 2) суу май жана тоң майлар 3) жашылча- жемиштер 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 2 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) эт 2) жашылча-жемиштер 3) газ 4) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 3 – товарлардын төмөнкү түрлөрү алынып салынат: 1) нан азыктары жана талкандар 2) сүт азыктары 3) жашылча-жемишетр 4) газ 5) ремонт жана курулуш иштери үчүн материлдар.

Базалык инфляция 4 – азык-түлүк товарлары жана электрэнергиясы, газ, отундун башка түрлөрү толук алынып салынат.

# 3-глава. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча-кредит саясаты маселелери боюнча чечимдери

## 3.1. Улуттук банк Башкармасынын негизги чечимдери

Төмөндө Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын үчүнчү чейреги ичинде акча-кредит саясат жагында кабыл алган негизги чечимдеринин тизмеги келтирилген:

1. Чарба жүргүзүүчү субъекттерге колдоо көрсөтүү жана жардам берүү максатында финансы-кредит мекемелеринин кайра каржылоосу үчүн аларды кошумча ресурстар менен камсыз кылуу аркылуу, дүйнөлүк финансылык каатчылыктын терс кесепеттеринен өлкө экономикасын коргоо максатында «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын[1] функциялары кеңейтилген. Алсак, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 43-статьясына жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын уставынын 5-статьясына ылайык, 2009-жылдын 29-июлунда Улуттук банк Башкармасы төмөнкүлөрдү кабыл алган:
   - «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын Уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө»[2] №32/7 токтом жана «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын Банктарды кайра каржылоо саясатына[3] өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» №32/8 токтом, ага ылайык Фонд банк секторун гана эмес микрофинансы секторун да кредиттөөгө алат;
   - «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого багытталган операциялары жөнүндө» №32/9 токтом, ага ылайык «Банктын ликвиддүүлүгүн колдоого кредиттик каражаттарды берүү шарттары жана тартиби» бөлүгү, 2009-жылдын 29-июлунан тартып күчүнө кирген.
2. Экономикада учурда түптөлгөн жадайга баа берүү, ошондой эле аны өнүктүрүүнүн сценарийлерин иштеп чыгуу жана тиешелүү акча-кредит саясатын жүргүзүү максатында, 2009-жылдын 12-августунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы акча-кредит саясат жана келээрки мезгилге акча-кредит-

[1] «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2009-жылдын 8-январындагы №5 «Кыргыз Республикасынын банк тутумунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы менен түзүлгөн. Фонд тиешелүү ченемдик документтерди бекиттирүү жана Улуттук банктан лицензия алуу боюнча зарыл иш-чараларды бүткөрүү менен 2009-жылдын 10-майынан тартып өз ишин баштаган.

[2] Фонддун Уставы Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 30-январындагы № 5/1 токтому менен бекитилген.

[3] Фонддун саясаты Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 26-мартындагы №16/7 токтому менен бекитилген.

тик программа жөнүндө отчет кароого алынып, жактырылган (№33/1 токтом). 2009-жылдын биринчи жарым жылдыгындагы акча-кредит саясат жөнүндө отчет, маалымат иретинде эске алынышы үчүн кыскартылган түрдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Экономикалык өнүгүү жана соода министрлигине жөнөтүлүп ошондой эле, Улуттук банктын расмий веб-сайтына жайгаштырылган.

3. Бизнес чөйрөсүнүн жана калайык-калктын маанайында, Өкмөт менен Улуттук банктын кризиске каршы чаралары менен катар эле, экономикалык ишкердикти жандандырууга өбөлгө түзгөн шайкеш күтүүлөрдү калыптандыруу максатында, 2009-жылдын 14-вгустунда Улуттук банк Башкармасы тарабынан (№37/1 токтом) акча-кредит саясатынын мурда жарыяланган сандык критерийлери төмөндөө жагына, 7,5 пайыздан ашпаган деңгээлге чейин төмөндөтүү жагына кайрадан каралган (2009-жылдын декабрь айы 2008-жылдын декабрь айына карата).
4. «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы финансылык ресурстарды узак мөөнөткө сунуштай тургандыгын (5 жылга чейин) көңүлгө алуу менен 2009-жылдын 8-сентябрында Улуттук банк Башкармасы тарабынан Фонддун Банктарды кайра каржылоо саясатына өзгөртүүлөр бекитилген (№37/1 токтом). Мына ушул өзгөртүүлөргө ылайык, Фонддун кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чендердин өлчөмү эсептик ченге эмес, оңдоо коэффициенти менен базалык ченге[1], кредиттөө тармагына жараша теңештирилген. Базалык чен Акча-кредитти жөнгө салуу комитети тарабынан айына бир жолу белгиленет.
5. Акча-кредит саясатынын инструменттерин учурда түптөлгөн шарттарга жараша модернизациялоонун чегинде, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2009-жылдын 23-сентябрында №38/1 «Милдеттүү камдык талаптарды эсептөөдө колдонулган доллардын алмашуу курсу тууралуу» токтом кабыл алынган, ага ылайык 2009-жылдын 28-сентябрынан тартып 2010-жылдын 30-майына чейин милдеттүү камдык талаптарды эсептөө үчүн АКШ долларынын алмашуу курсу 1 АКШ доллары үчүн 44,0 сом өлчөмүндө белгиленген.
6. Финансы рыногуна жаңы институт «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын» аралашуусуна жана ошол фи-

[1] Улутук банк Башкармасынын 2009-жылдын 7-апрелиндеги №17/1 «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын кредиттик каражаттар боюнча пайыздык чендердин өлчөмүн белгилөө үчүн оңдоо коэффициенттери жөнүндө» токтомуна ылайык, Улуттук банк Башкармасы тарабынан Фонддун кредиттик каражаттары боюнча пайыздык чендердин өлчөмүн белгилөө үчүн оңдоо коэффициенттери кредиттөө тармагына жараша белгиленген: айыл чарбасы, даярдоо жана кайра иштетүү – 1,05; өнөр жайы – 1,05; курулуш – 1,1; транспорт, байланыш жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү – 1,2; соода жана коммерция – 1,5; ликвиддүүлүктү колдоого кредиттер – 1,3.

нансылык институт менен операциялар боюнча каражаттардын жылышынын эсепке алынышынын зарылчылыгына байланыштуу, 2009-жылдын 23-сентябрында №38/15 «Милдеттүү камдарды эсептөө үчүн милдеттенмелер тизмегинин жаңы редакциясы жөнүндө» токтом кабыл алынган (ал 2009-жылдын 28-сентябрында күчүнө кирген), ага ылайык коммерциялык банктардын милдеттүү камдарын эсептөө үчүн милдеттенмелер тизмеги өзгөртүлгөн жана толукталган.

## 3.2. Акча кредиттик жөнгө салуу комитетинин негизги чечимдери

Акча кредиттик жөнгө салуу комитети (Комитет) акча-кредит чөйрөсүндө оперативдүү чечимдерди иштеп чыгуу жана кабыл алууну жүзөгө ашырат. Комитет тарабынан чечимдер жума сайын акча рыногунда түптөлгөн жагдайга баа берүүнүн натыйжаларына негизденүү менен кабыл алынат. Операциялардын көлөмү Комитет тарабынан, Улуттук банктын акча-кредит саясат жөнүндө билдирүүсүндө жана «Орто мөөнөттүк мезгил аралыгына акча-кредит саясатынын негизги багыттары» документинде көрсөтүлгөн, Улуттук банк Башкармасы тарабынан аныкталган максаттарга жана милдеттерге жараша, ошондой эле банк тутумунда түптөлгөн абалды, салык-бюджет чөйрөсүндөгү жагдайды эске алуу менен аныкталат.

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде Комитеттин 13 отуруму өткөрүлгөн. Комитет тарабынан кабыл алынган чечимдер төмөнкү инструменттерди колдонуу аркылуу банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салууга багытталган:

1. Улуттук банктын жүгүртүү мөөнөтү 7, 14, 28 күндүк ноталарынын жумалык аукциондорун өткөрүү; сатуунун индикативдик көлөмү – 7 870,0 млн. сом;
2. экинчилик рыногунда 340,0 млн. сом көлөмүндө (индикативдик көлөм) МКВны сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзүү.

Отчеттук чейрек ичинде Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү бүтүндөй алганда 6 351,5 млн. сомду түзгөн.

Комитет тарабынан ошондой эле, сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүлмөлүүлүгүн текшилөө максатында, банктар аралык валюта тоорукторына катышуу чечимдери да кабыл алынган[1]. Улуттук банктын кароого алынып жаткан чейрек ичинде АКШ долларын таза сатып алуусу 849,8 млн. сом эквивалентин түзгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 8-сентябрындагы №37/1 токтомуна ылайык, «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсынын» кредиттөөсү үчүн базалык чен 2009-жылдын 9-сентябрынан тартып 8,0 пайыз өлчөмүндө белгиленген.

[1] Улуттук банк Кыргыз Республикасында кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатына таянуу менен иш алып барууну улантат.

# 4-глава. Инфляция көрсөткүчүн болжолдоолор

## 4.1. Инфляцияга таасир этүүчү негизги факторлордун динамикасына болжолдоолор

2009-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча экономиканын реалдуу өсүшү 2,9 пайызды түзгөн, ал эми 2008-жылдын ушул эле учурунда бул көрсөткүч 5,9 пайыз чегинде катталган эле. Бүтүндөй 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашы күтүлүүдө.

2009-жылдын жыйынтыгы боюнча экономикалык өсүш арымынын басаңдашына өнөр жайы көбүрөөк таасир этиши ыктымал. Ошол эле учурда, экономикалык өсүш көбүнесе кызмат көрсөтүү чөйрөсү эң башкысы, транспорт, байланыш жана соода тармактары тарабынан камсыз кылынат. Мындан тышкары, айыл чарбасынын ИДПнын өсүшүнө олуттуу салым кошоору күтүлүүдө.

Өнөр жайында болсо, алтын казып алуу жагында учурда түптөлгөн жагдайды жана анын болжолдонуп жаткан төмөндөөсүн эске алганда, кайра иштетүү өнөр жайында 17,0 пайызга, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү, бөлүштүрүү тармагында өндүрүштүн 5,0 пайызга кыскаруусу күтүлүүдө.

Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө (соода, транспорт жана байланыш) дүң кошумча нарктын реалдуу өсүшү 4 пайыз деңгээлинде болжолдонууда, бул жыл жыйынтыгы боюнча бүтүндөй алганда, ИДПнын өсүшүнүн тең жарымынан көбүрөөгүн камсыз кылат.

Айыл чарбасында жогорку түшүмдүүлүктү жана 2008-жылдагы базанын төмөндүгүн эске алуу менен өндүрүштүн 4-5 пайызга өсүшү күтүлгөн, натыйжада айыл чарбасы экономикалык өсүштү камсыз кылган негизги тармактардын бири болуп калат.

Ошентип, январь-сентябрь айларында калыптанган жагдайды эске алуу менен жыл ичинде кызмат көрсөтүү чөйрөсүнүн жана айыл чарбасынын кыйла ыргактуу өнүгүшү күтүлөт, бул экономиканын 1,5-2,5 пайыз деңгээлинде реалдуу өсүш арымын камсыз кылууга өбөлгө түзөт.

***Буудай.*** Дан эгини боюнча эл аралык кеңеш (IGC) анын 1753 млн. тонна көлөмүндө жыйналышын прогноздогон (2009-жылдын июль айы – 2010-жылдын июль айы). Аналитиктердин болжолдоолору боюнча дан эгинин керектөө 1743 млн. тоннаны түзөт, натыйжада топтолуп келген анын запасы 363 млн. тоннага чейин көбөйөт.

АКШнын Айыл чарба министрлигинин такталган божомолу боюнча буудай өстүрүп алуу 2009/10-жылдары 646,1 млн. тоннаны түзөт. Буудайды керектөө да жогорулоо жагына корректировкалануу менен ал, 186,6 млн. тоннага чейинкини түзөт. Ошентип, дүйнөдө 2009/10-жылдары буудайдын түпкүлүктүү запасы 186,6 млн. тоннаны түзөт.

Тышкы рыноктордо Россияда өндүрүлгөн дан эгининин атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн мүмкүн болуучу төмөндөөсүн эске алуу менен Россия Федерациясынын Экономиканы өнүктүрүү министрлигинин болжолдоолору боюнча дан эгининин экспорту 19 млн. тоннадан ашпайт.

Казакстан Республикасынын Айыл чарба министрлигинин маалыматы боюнча, 2009-жылдын 20-октябрына карата 22,7 млн. тоннадагы бункердик салмактагы дан эгини жыйналган, бул өткөн жылдагы деңгээлден 5,7 млн. тоннага же 34 пайызга көп. Мындан тышкары, өтүп жаткан жылдагы дан эгининин экспорттук потенциалы 9-10 млн. тоннага жакынды түзөөрү маалымдалган.

***Күн карама майы.*** «Oil World» аналитикалык агенттиги дүйнөдө 2009/10-жылдары күн карама майын өндүрүү өткөн болжолдоолордун (12,1 млн. тонна) деңгээлинде калаарын маалымдаган, бирок тышкы рынокко 2009/10-жылдары күн карама майын берүүлөр, дүйнөлүк көлөмүнө баа берүүдө 1 млн. тоннага көбөйтүлгөн. «АПК-информ» маалымат агенттигинин аналитиктери, күн карама майы менен майдын башка түрлөрүнүн ортосундагы баа айырмасынын жакшыруусуна байланыштуу керектөөнүн өсүшүн, күн карама майын сатуу көлөмүнүн көбөйүүсүнө түрткү берген негизги фактор катары атаган.

АКШ Айыл-чарба министрлигинин маалыматы боюнча 2009/10-жылдары күн карама майын өндүрүү 11,7 млн. тоннаны, ал эми керектөө 11,1 млн. тоннаны түзөт. Өткөндөн калган калдыктар 0,7 млн. тонна чегинде өзгөрүүсүз калат.

Казакстан «Kazakhstan Today» агенттигинин маалыматы боюнча, Казакстандын Айыл-чарба министрлиги май алынуучу өсүмдүктөрдөн рекорддук түшүм жыйналаарын болжолдогон алсак, Казакстанда 700 миң. тонна көлөмүндө май алынуучу дан өсүмдүгүнөн түшүм жыйналат, бул өткөн жылдагы деңгээлден 70 пайызга көп. Түшүмдүн жогорулоосу эң башкысы, айдоо аянттарынын 1,5 эсеге, 1 млн. га жерге чейин кеңейтилишине байланыштуу.

***Кант.*** Дүйнөлүк жана локалдык рыноктордун бул азыктын тартыштыгы жөнүндө маалыматтарды таркатуусу канттын баасына айрыкча басым жасоодо. Алсак, бул багытта иш алып барган эл аралык уюм (ISO) 2009-2010-жылдары канттын дүйнөлүк тартыштыгы 2008-2009-жылдардагы 7,8 млн. тоннага караганда 4,5-5 млн. тоннаны түзөөрүн болжолдогон. Кийинки 2010-2011-жылдары Индияда бул багытта иш алып барган өндүрүштүн мурдагы дегээлинде калыбына келтирилишинен улам, сунуш суроо-талапка төп келээри болжолдонгон. Жогоруда аталган эл аралык уюмдун (ISO) аналитиктери 2009-10-жылдары кантка дүйнөлүк баа жогорку деңгээлде сакталып калаарын жана бул канттын тартыштыгынын орун алышы менен шартталгандыгын болжолдошкон.

Лондон биржасында канттын наркы 550 АКШ долларынан 618 долларга чейин өзгөрүп туруу менен 2009-жылдын 23-октябрына карата 583 АКШ долларын түзгөн. Баанын 618 АКШ долларынан түшүүсү Индия жана Пакистан өкмөттөрүнүн кантты сатып алуу жана өндүрүү боюнча маалыматтарды кайрадан карап чыккандыгына тиешелүү маалыматынан улам келип чыккан.

***Мунай.*** Көпчүлүк аналитиктердин пикири боюнча, мунай котировкаларынын учурдагы өсүшү алып сатарлык гана мүнөзгө ээ. Баррель үчүн 80 АКШ долларында белгиленген баа, негизсиз экендиги айдан ачык жана мунай рыногу жакынкы убакытта тиешелүү коррекциялоону күтүүдө. Өзгөчө, чийки затка талап акыркы 25 жыл ичиндеги минималдуу деңгээлде турууда, көпчүлүк аналитиктердин пикири боюнча ОПЕК 2009-жылдын декабрь айында өтүүчү кийинки отурумунда учурдагы квотаны күчүндө калтырышы ыктымал. Мында, квоталарды сактоо болжол менен 65-70 пайыз деңгээлинде калатбул акыркы учурдагы иш жагдайы көрсөткөндөй эле, мунай баасын баррель үчүн 60-75 АКШ доллары чегинде колдоп туруу үчүн жетиштүү жана ОПЕК үчүн да алгылыктуу.

*Булагы: Reuters*

## 4.2. 2009-жылга жана 2009-жылдын IV чейрегине инфляцияны болжолдоо

Экономикалык өсүштүн олуттуу басаңдоосу жана ага байланыштуу келип чыккан калктын акчалай кирешелеринин өсүш арымынын төмөндүгү жана керектөө талабынын кыскаруусу сыяктуу процесстер дүйнө боюнча, анын ичинде Кыргызстанда инфляция арымынын басаңдашынын факторлорунан болуп калган. Туруксуз экономикалык чөйрө республиканын макроэкономикалык параметрлерин кыска жана орто мөөнөттүк аралыкка болжолдоодо, кандайдыр бир белгисиздик жагдайын таңуулайт.


Мына ушул шартта, бизнес коомчулугунда жана калайык-калктын ынанымында шайкеш күтүүлөрдү калыптандыруу максатында Улуттук банк, 2009-жылдын август айында жылдык инфляция болжолун 15 пайызга жеткен көрсөткүчтөн 7,5 пайыздан ашпаган деңгээлге чейин төмөндөткөн.

2009-жылдын сентябрь айынын жыйынтыгы боюнча республикада керектөө товарларына баанын мурда күтүлүп жаткандагыдан да олуттуу түшүүсү катталган. Дефляция процесси КБИ түзүмүндөгү бардык негизги азык-түлүк товарларынан айкын көрүнгөн. Атап айтканда, нан азыктарына баа жылдык мааниде алганда 16,1 пайызга, жашылча-жемиштерге 5,7 пайызга, майларга жана тоң майларга 18,9 пайызга төмөндөгөн.

Бирок, азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын кымбатташынын уланышы, өлкөдө баанын жалпы деңгээлин турукташтыруу үчүн кандайдыр бир тобокелдиктерди жаратып, инфляцияны кыска жана орто мөөнөттүү аралыкка болжолдоодо аныксыздыкты таңуулоодо.


Алынган айкын маалыматтарга жана акча-кредит саясатынын базалык сценарийи боюнча андан-ары өнүгүү тенденцияларына баа берүүгө жараша, 2009-жылдын жыйынтыгы боюнча инфляция кандайдыр бир терс тышкы таасирлер келип чыкпаган шартта 1,5–2,0 пайыз чегинде болжолдонууда.

**4.2.1-сүрөт. Инфляциянын жылдык маанисинин прогнозу**



2009-жылдын төртүнчү чейрегинде керектөө рыногунда баанын бир аз жогорулашы күтүлүүдө, анткени жылдын акыркы айларында эрежедегидей эле сезондуулук фактору өкүм сүрүп, майрам алдындагы суроо-талаптын өсүшү жүрөт. Жыйынтыгында, төртүнчү чейректе баанын өсүшү 3,0 пайызга жакынды түзүшү ыктымал.

**4.2.2-сүрөт. Инфляциянын 2009-жылдын IV чейрегине карата прогнозу**




Ал эми бүтүндөй экономикадагы баа динамикасынын көрсөткүчүнөн болгон ИДП дефлятору жыл жыйынтыгы боюнча 4,9 пайыз деңгээлинде болжолдонууда.

# Статистикалык тиркеме

**1-таблица. Керектөө бааларынын индекси**
*(ай өткөн айга карата, пайыздар)*

| | 2009-жыл | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | **январь** | **февраль** | **март** | **апрель** | **май** |
| **Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө карата керектөө бааларынын индекси** | **100,5** | **100,3** | **99,6** | **100,4** | **100,3** |
| **Товарлар** | 100,3 | 100,3 | 99,5 | 100,4 | 100,3 |
| **Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар** | 100,2 | 98,6 | 99,0 | 100,3 | 100,4 |
| **Алкоголь ичимдиктери жана тамекилер** | 100,2 | 100,1 | 100,6 | 100,8 | 100,3 |
| **Азык-түлүктөн башка товарлар** | 100,4 | 103,9 | 100,0 | 100,4 | 100,2 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | 102,4 | 99,8 | 100,5 | 100,1 | 100,4 |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 100,2 | 98,6 | 99,0 | 100,3 | 100,4 |
| Нан азыктары жана таруулар | 97,2 | 96,8 | 98,4 | 98,8 | 100,0 |
| Жогорку сорттогу буудай уну | 96,5 | 94,4 | 97,4 | 94,3 | 94,5 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 94,7 | 93,5 | 97,5 | 95,6 | 95,3 |
| Нан | 97,5 | 99,2 | 99,2 | 97,7 | 99,2 |
| Эт | 102,9 | 101,2 | 100,0 | 98,9 | 100,4 |
| Балык | 100,7 | 100,6 | 100,8 | 100,5 | 100,3 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 102,4 | 99,2 | 96,3 | 97,4 | 99,0 |
| Өсүмдүк майлары жана тоң майлар | 96,4 | 96,9 | 98,7 | 97,7 | 96,8 |
| Жашылча-жемиштер | 105,0 | 98,9 | 99,1 | 106,3 | 100,8 |
| Жемиштер | 104,2 | 100,5 | 99,8 | 102,0 | 103,9 |
| Жашылчалар | 105,5 | 97,7 | 98,6 | 109,8 | 98,5 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана таттуу азыктар | 99,0 | 98,9 | 99,6 | 100,2 | 103,6 |
| Кант | 97,8 | 98,6 | 99,3 | 99,6 | 106,5 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,5 | 99,7 | 99,6 | 99,7 | 100,0 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 100,9 | 100,5 | 100,8 | 101,7 | 100,2 |
| Алкоголь ичимдиктери жана тамекилер | 100,2 | 100,1 | 100,6 | 100,8 | 100,3 |
| Алкоголь ичимдиктери | 100,3 | 100,2 | 100,8 | 100,9 | 100,4 |
| Тамекилер | 100,0 | 100,1 | 100,1 | 100,7 | 100,0 |
| Кийим-кече жана бут кийим | 100,2 | 100,5 | 100,1 | 100,5 | 100,5 |
| Кийим-кече | 100,3 | 100,7 | 100,6 | 100,9 | 100,4 |
| Кийимдик материалдар | 100,0 | 103,0 | 114,7 | 115,2 | 100,1 |
| Эркектер үчүн кийимдер | 100,3 | 100,7 | 100,3 | 100,5 | 100,4 |
